Замир Арыкбаев

атк.

# КЫРГЫЗЫМ

с. Жылдызбек Турсунбаев
о. Замир Арыкбаев

Кыргызым – кыргыз го,
Күйүп турган жылдыз го.
Касташкан душманы,
Кыйратып эч кыргыс го.

Көксөп жеткен азаттыгы колдо бар,
Көктө учкан бир куш го.
Улуу Манас эрдиктери ойдо бар,
Урпактары бир биз го.

**КАЙЫРМА:**
*Санатын сактаган,*
*Санжырасын баштаган.*
*Көөнө тарых, дастандарын калтырып,*
*Көчмөн элим каада-салтын барктаган.*
*Кыраан куштай алга карай талпынып,*
*Кыргыз болуп туулганыма мактанам.*

Кыргызым – улук го,
Кылым кезген улут го.
Калкымдын тилеги,
Кашка суудай тунук го.

Жети дубан мамилеси куралган,
Жердигинен ыйык го.
Биримдикке, ынтымакка суугарган
Биздин максат бийик го.

**КАЙЫРМА:**
*Санатын сактаган,*
*Санжырасын баштаган.*
*Көөнө тарых, дастандарын калтырып,*
*Көчмөн элим каада-салтын барктаган.*
*Кыраан куштай алга карай талпынып,*
*Кыргыз болуп туулганыма мактанам.*

Кыргызым – баяным,
Кызмат кылуу талабым.
Керемет пейлинди,
Кайдан издеп табамын?

Чоң жазуучу Чыңгызгызымдын эли деп,
Чыга берсин кабарың.
Даражанды ырларымда белгилеп,
Дайым сыймыктанамын.

**КАЙЫРМА:**
*Санатын сактаган,*
*Санжырасын баштаган.*
*Көөнө тарых, дастандарын калтырып,*
*Көчмөн элим каада-салтын барктаган.*
*Кыраан куштай алга карай талпынып,*
*Кыргыз болуп туулганыма мактанам.*